**Башталгыч класс**

**Бир туура жооптуу тест тапшырмалары.**
Ар бир тапшырмага жооптун **2-4 варианты** сунушталган. **Алардын ичинен 1 гана жооп туура.** Туура жоопту белгилегиле.

**№1**. 1-разряды 8, 2-разряды 9, 3-разряды 7, 4-разряды 6, 5-разряды 9, 6-разряды 1 болгон сан кайсы?

А) 196798 Б) 897691
В) 798196 Г) 897196

**№2.** Берилген тендеменин тамыры канчага барабар?

$(50 – x) : 7 + 195 = 40 \cdot 5$

А) 12 Б) 10
В) 15 Г) 20

**№3**. Парктагы 1-аттракционго 1 саатка 80 сом, ар бир кийинки саатка 30 сомдон, 2-аттракционго 1 саатка 100 сом, ар бир кийинки саат 20 сомдон болсо, кайсы сааттар үчүн эки аттракциондун убактылуу пайдалануу акысы бирдей?

А) 1 Б) 2
В) 3 Г) 4

**№4.** Төмөнкү берилген текст тексттин кайсы түрүнө кирет?

Байкемдин колунан баары келет. Эшик-терезелерди оңдойт, сырдайт. Жыгачтан түрдүү эмеректерди жасайт. Үйдөгү диван, стол, отургучтарды өзү жасаган.

А) баяндоо Б) сүрөттөө
В) ой жүгүртүү Г) кыялдануу

**№5.** Зат атооч баяндоочтун милдетин аткарган сүйлөмдү тапкыла.

А) Акыл - тозбочу тон, илим - түгөнбөгөн кен.
Б) Тигилер - үчөө, биз - экөө.
В) Айгеримдин көйнөгү кыска.
Г) Алым дарбазаны көздөй жүгүрдү.

**№6.** Сүйлөмдүн аныктоочун тапкыла.

*Төкмө акын алтын шилекейин чачыратты.*

А) шилекейин Б) акын
В) чачыратты Г) алтын

**№7.** Булар ... асман телолоруна кирет.

А) булут, кар, астероид Б) жылдыз, ай, жер
В) чагылган, метеориддер, жылдыздар Г) жаратылыш кубулуштары

**№8.** Күндүн нуру жер бетине канча убакытта жетет?

А) 7 мүнөттө Б) 8 мүнөттө
В) 8 секундада Г) 8 мүнөт 17 секундада

**№9.** Күн системасынын планеталарын күнгө карай жайгашуусун тапкыла.

А) Марс, Меркурий, Венера, Жер, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон
Б) Сатурн, Уран, Нептун, Плутон, Меркурий, Венера, Жер, Марс

В) Меркурий, Венера, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон
Г) Меркурий, Жер, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон

**№10.** Кайсы сапта дени соо адамды баяндаган сөздөр жазылган?
А) бүкчүгүй, чыдамкай, копол, узун
Б) бүкүр, кубакай, чабал, кодоо
В) сымбаттуу, күчтүү, шамдагай, келишимдүү
Г) бүкчүгүй, чабал, сулуу

**№11.** Жатка билгенин жаздырып текшерүү иши кайсы?
А) эскертме жат жазуу
Б) өздүк жат жазуу
В) түшүндүрүү жат жазуу
Г) көрүү жат жазуу

**№12.** «4, 6, 9, 3, 7 сандарынан туура барабардык түзгүлө» тапшырмасын аткарууда окуучулар моделдин кайсы түрүн колдонушту?
А) символикалык
Б) схемалык
В) предметтик
Г) сан катарын

**Дал келүүнү аныктоого берилген тест тапшырмалары**.
**Сол жакта** берилген ар бир элементке **оң жактагы** элементтердин ичинен дал келгенин жазгыла (б.а. дал келген эки элементти туташтыргыла). Бир тамганын тушуна бир гана сан жазылат.

**№13.** Сүйлөмдүн маанисине ылайык келүүчү тиешелүү тыныш белгилерин коюп дал келтиргиле.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | Мекенибиздин келечеги – ар бирибиздин колубузда | 1 | суроо белгиси (?) |
| Б | Балдар жакында кышкы каникулга чыгышабы | 2 | илеп белгиси (!) |
| В | Сен бүгүн биздикине келесиңби же | 3 | көп чекит (…) |
| Г | Тапшырмаңды жазып бүтүп, эртерээк эс ал | 4 | чекит (.) |
| | | 5 | суроо, илеп (?!) |

**Жообу:**

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |
| Г | |

**Кыска жооптуу тест тапшырмалары.**
Ар бир тапшырма **кыска** жоопту талап кылат.

**№14.** Төмөндө үч сан берилген:

7

768

76

Алты орундуу сан мүмкүн болушунча чоң сан болушу үчүн аларды биринин артынан бирин жазгыла.


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**№15.** Берилген сандар боюнча алфавиттеги тамгалардын ордун таап, кандай сөз катылганын жазгыла.

| 32 | 15 | 22 | 32 | 14 | 1 | 12 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**Бир нече туура жооптуу тест тапшырмалары.**
Тапшырмалардын бир нече туура жообу бар. Туура жоопторду белгилегиле.

**№16.** Беш барабар үч бурчтуктарга бирдей үч бурчтуу тешикчелерди кесишти (сүрөттү карагыла). Пайда болгон фигуралардын кайсылары барабар?



А) Б) В) Г) Д)

**№17.** Күчөтмө сын атооч сөздөрдү тапкыла.

А) таза, тыкан, абдан тыкан

Б) тыканыраак, абдан тыкан

В) өтө тыкан, аябай тыкан

Г) таптаза, өтө таза

**Туура иретин аныктоого берилген тест тапшырмалары**.
Жообу атайын орундагы **чакмактарга катары менен** жазылат. Бир чакмакка бир гана сан жазылат.

**№18.** Окуучулардын окуу көндүмдөрүн ирети менен жайгаштыргыла.

1. Сөз байлыгы
2. Окуганын түшүнүү
3. Тыбышты кабыл алуу
4. Шар окуу
5. Алфавит менен таанышуу

| | | | | |
|---|---|---|---|---|

**№19.** Тексттин бөлүктөрүн туура тартипте жайгаштыруу менен калыбына келтиргиле.

1. Коомдук жайларда жүрүм-турум эрежелери баарына белгилүү болсо, ар бир адам токойго киргенде өзүн алып жүрүү маданияты жөнүндө ойлонот. Эмнегедир бул жерде эч кандай эрежелердин кереги жок деп эсептелет.
2. Аларды кармануу менен адам жумушта, мектепте, театрда, сыртта жана үйдө өзүн алып жүрөт.
3. Бирок токой абдан аялуу жандык, андыктан токойдо да өзүн туура алып жүрүш керек.
4. Белгилүү болгондой, жүрүм-турумдун жазылбаган жана жазылган эрежелери бар, ал жакшы адеп эрежелери. Бул эрежелерди сактоо же сактабоо адамдын билимин жана маданиятын айтып турат.

| | | | |
|---|---|---|---|

**Текстти окуп суроолорго жооп бергиле.**

**«Ит – адамдын досу»**

Байыркы замандан бери ит адамдын жанында жашайт, ал биздин досубуз жана жардамчыбыз. Бул байыркы адам колго үйрөткөн биринчи жаныбар. Ал тамагын ит менен бөлүшкөн, ал болсо ага аң уулоого жардам берип, аны жана анын үйүн кайтарган. Ошондон бери алардын ортосундагы чыныгы достук уланып келет.

Ит так кимден чыкканы азырынча белгисиз. Кээ бир ойчулдар аны карышкырга, башкалары чөөлөргө жакын дешсе, үчүнчүлөрү анын өзүнүн ата-теги болгон деп эсептешет.

Иттер мергенчиликке жардам берип, кароолчу болгон. Анткени, адам анын кароолчулук жана аңчылык инстинктин колдонгон. Кийинчерээк, иттерди экономикалык максатта топторго бөлүшкөн. Алгач кароолчу жана мергенчиликке жараган иттер, кийинчерээк эч кандай кызмат талап кылынбаган коздук үчүн иттер пайда болгон.

Бүгүнкү күндө адамдардын жашоосунда иттин ролу абдан маанилүү, ал көптөгөн функцияларды аткарат. Биринчиден, ит, адатта, бүт үй-бүлөнүн үй жаныбары болуп саналат, ал өзүнүн жылуу мамилеси менен маанай көтөрүп, үйдү кайтарат.

Атайын үйрөтүлгөн иттер тоодо адамдарды издөөгө, суудан куткарууга жардам берет, милицияда кызмат өтөйт жана башкалар көрүүсүн жоготкон адамдарга жол көрсөтүүчү болуп, токойдо адашып кетишине жол бербейт. Ит космосту изилдөөгө активдүү катышкан.

Кандай ит болбосун, өзүнүн ар түрдүүлүгү менен, ал тургай эң кооздугу менен, ээсин сүйгөн жана ага берилген ит бойдон кала берет. Иттердин арасында жаман породалар жок, анткени ар кандай ит, анын ичинде эң жөнөкөй короочу ит да, урматтоого же жок дегенде аёого татыктуу.

(216 сөз) (Елькин Т. М.)

**№20.** Бир туура жоопту белгилегиле.
Бул текст кайсы булактан алынышы мүмкүн?
А) Тамсилдер жана насыяттар
Б) Дүйнө элдеринин уламыштары жана жомоктору
В) Илимий-популярдуу журнал
Г) Жаныбарлар жөнүндөгү жомоктор

**№21.** Бир туура жоопту белгилегиле.
Кызмат талап кылынбаган иттердин аттары кандай?
А) декоративдик
Б) аңчылык
В) кой кайтаруучу
Г) күзөтчү

**№22.** Бул тексттен үйрөнгөн иттер тууралуу 3 фактыны жазгыла.
Факт – бул реалдуу, өтө реалдуу окуя же кубулуш; чындап болгон нерсе. Мисалы: Иттер мергенчиликке жардам берип, кароолчу болгон.
**Бул факт.** Иттер аң уулаганда адамдарга чындап жардам берип, үйдү кайтарышат.
1-факт ______________________________________________________________
2-факт ______________________________________________________________
3-факт ______________________________________________________________

**№23.** Текст 6 абзацтан турат. Кайсы абзацта автор иттерге болгон мамилесин билдирген деп ойлойсуңар? Ошондой эле жазуучу окурмандарды эмнеге үндөп жатканын жазгыла.
**Жооп:** ______ абзацта автор иттерге болгон мамилесин билдирет.
_________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________